


**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# 24.Ачык сабак

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

*Өзгөн шаарындагы*
*В.И.Ленин атындагы*
*№2 орто мектеп*

# Тема: Атама сүйлөм

Кыргыз тили жана адабияты

мугалими: Жумуева Назгул Турушевна

2021-2022-жыл

| № | Сабактын максаты | Көрсөтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк: Окуучулар атама сүйлөм тууралуу маалымат алышат | Окуучулар өтүлгөн тема аркылуу маалымат алышса, түшүнүшсө, мисал түзө алышса |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк максаты: Окуучулардын сүйлөө речин өнуктүрү менен бирге, сулуу, катасыз, туура жазууга көнүгүшсө | Алган билимдерин эркин жана ыраатуу баяндап бере алышса |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк максаты: Бааралашуу маданиятын үйрөнүшөт, Сабырдуулук сапаттары калыптанат | Алтын эрежени сактай билишсе, Сабырдуулукка тарбияланышса |

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү

Сабактын усулу: Интерактивдүү ыкмалар

Сабактын ресурстары: Окуу китеби,сүрөттөр,кластер, таратмалар,

скотч, ватман, маркер, ж.б.

Сабактын жүрүшү:

1. Уюштуруу

А)Саламдашуу

Б)Алтын эреже түзүү(окуучулар өздөрү түзөт)

В)Сабакка жагымдуу маанай түзүү

Мен сүйгөн инсандар... Мага дайыма дем-күч берип турушат.

Албетте ата-энем анан.....төмөнкүлөр.

Ар дайым мен муктаж болгондо мага жардамга келишет.

Алар Токтогул, Курманжан, Алыкул, Бүбүсара,Саякбай,Сүймөнкулдар. Ооруму колдон жеңилимди жерден алышат......

Кана кимдер тууралуу сөз болду...

Азаматсыңар! Акча бирдигиндеги белгилүү инсандар жөнүндө сөз болду.

Эми канча акча бар ? Эсептейличи-5855 сом бар экен.

2. Үй тапшырмасын суроо

Балдар биз буга чейин сүйлөм, сүйлөмдүн түрлөрү,

жөнөкөй сүйлөмдүн бөлүнүшү тууралуу өткөнбүз.

Мен берген таратмалар менен иштейбиз.

1. Сүйлөм деген эмне?(Бир гана сүйлөмдөн түзүлгөн сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөм деп аталат)
2. Сүйлөмдүн түрлөрү кандай?( Сүйлөм грамматикалык түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт)
3. Жөнөкөй сүйлөм деп эмнени айтабыз?(Бүткөн бир гана айрым ойду билдирет)
4. Жөнөкөй сүйлөмгө мисал келтир?(Ошентип эгин талаасы шаңга бөлөндү. Эртеден кечке эгин талаасында комбайындын үнү басылбайт.)
5. Жөнөкөй сүйлөмдүн бөлүнүшу тууралуу маалымат бер?
   А)Жалаң сүйлөм
   Б)Жайылма сүйлөм
   В)Атама сүйлөм
   Г)Толук жана кемтик сүйлөм
   Д)Ээсиз сүйлөм
6. Жайылма сүйлөмдүн эрежесин айт?(Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлгөн сүйлөм жайылма сүйлөм деп аталат)
7. Баш жана айкындооч мүчөлөр боюнча да маалымат бере кетеличи?
8. Жайылма сүйлөмгө мисал келтир?(Биз эртең шаарга барабыз. Ким?-Биз-Ээси, Эмне кылабыз?- барабыз-баяндооч. Качан?-эртең-аныктооч, кайда?-шаарга-бышыктооч.)
9. Жалаң сүйлөмдүн эрежесин айт?(Жалаң баш мүчөлөрдүн катышы менен уюшулган сүйлөмдөр жалаң сүйлөм деп аталат)
10. Жалаң сүйлөмгө мисал келтир? (Окуучулар бийледи. Ким?-окуучулар-ээси, эмне кылды?-бийледи-баяндооч)
    Азаматсыңар балдар!

## 3) Жаңы тема

Баладар бүгүн жөнөкөй сүйлөмдүн дагы бир түрү Атама сүйлөм.

Атама сүйлөм деп-Затты,окуяны,жаратылыш көрүнүштөрүн атап көрсөткөн сүйлөм. Мисалы: Май айы. Айылдын кырманы. Ала-Тоого кар жаады.

1) 147-көнүгүү(Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, атама сүйлөмдөрдү тапкыла)

Жаз. Чөп тушарага кыккан кез. Осмонбектин айылы чоң суунун боюна клип конду Үч күндөн кийин айт болот. Осмонбек Токтогулду чакыртып алды. Айыл дүрбөп, айтка камынышты. Айт күнү. Чоң суунун бою. Эл көк бөрү тартып жатышат. Калың топтун ичинен Токтогулдун коңгуроодой үну чыкты.

1) Жөнөкөй сөздөрдөн татаал сөздөрдү курайбыз.
   Жардам айт

| | |
|---|---|
| Кабыл | түйбө |
| Милдет | түш |
| Тың | көтөрбө |
| Кабак | бөл |
| Муштум | бол |
| Көңүл | кылба |
| Азап | кыл |
| Кабар | чектир |
| Көз | бер |
| Суугa | сал |

4)Бышыктоо

Атама сүйлөм-затты, окуяны, жаратылыш көрүнүштөрүн атап көрсөткөн сүйлөм. Атама сүйлөм атооч жөндөмөдөгү сөздөрдөн түзүлөт.

Эмесе балдар тема боюнча төмөнкү таблицаны толтурабыз.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Баалоо “5”, “4”, “3”(окуучулардын жооп бергенине карайм)

Үйгө тапшырма

148-көнүгүү.(төмөнкү сөз же сөз айкашын атама сүйлөм маанисинде колдонуп,сүйлөм түзгүлө)

Атама сүйлөм-затты, окуяны, жаратылыш көрүнүштөрүн атап көрсөткөн сүйлөм. Атама сүйлөм атооч жөндөмөдөгү сөздөрдөн түзүлөт.

Эмесе балдар тема боюнча төмөнкү таблицаны толтурабыз.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |